УДК: 7:7.091

Кадырбек кызы Ф., Асанбекова Ч.А.
*ИГУ им. К.Тыныстанова*

# ИСТОРИЯ ФОРМИРОВАНИЯ МИРОВОЙ КУЛЬТУРЫ

*В статье раскрывается содержание народной культуры, анализируется соотношение народной и массовой культуры, рассматривается такое явление уделяется истории культуры от ее первобытного этапа развития и до эпохи современности. Также уделено внимание на укрепления взаимоотношений между нациями через культуры.*

*In the article, there is meaning of culture and analyzing relations of national and international culture. Here we can see globalizing process. We pay great attention to historical culture from the first stage to the current times. Here also attention to making stronger the relations between nations.*

## Дүйнөлүк маданияттын калыптануу тарыхы

Адамды нерселер гана эмес, түшүнүктөрдүн дүйнөсү да курчап турат. Нерселерди күндөлүк турмушта баарыбыз колдоно алабыз. Ал эми айрым түшүнүктөр кыска ой-жүгүртүү менен чечмеленбеген терен мазмунга ээ. Ошондуктан ар бир адам алардын маанисинин учу-кыйрына жете албайт. Мындай түшүнүктөрдүн бири катары маданиятты айтсак болот.

«Маданият» деген сөз түрдүү себептер менен ар кандай шарттарда колдонулуп келет. Таланттуу ырчыны, коомдук транспортто орун бошотуп берген жаштарды, улууларга салам айтып, сый көрсөткөндү маданияттуу деп айтып жүрөбүз. Ошондой эле бул түшүнүк ММКда, публицистикада да көп оозго алынат. Көбүнчө искусстводо же көркөм өнөрдө колдонулуп, театр жана музей менен байланыштырылат. Жогоруда саналып өткөн учурларды туура, ошондой эле туура эмес деп айтууга да болот. Туура эмес дегенибиз бир дагы мисал маданият түшүнүгүнүн толук мазмунун камтыбайт. Карап көрсөк, маданият деген сөз көп колдонулуп, жалпыга түшүнүктүүдөй сезилет. Бирок маанисин чечмелөөдө кыйынчылыкка туш болобуз. Себеби маданият - мааниси тереъ көп жактуу, түрдүү компоненттерди камтыган түшүнүк. Ошондуктан дүйнө жүзүнүн окумуштууларынын бул терминди жалпылоого багытталган аракеттеринен жыйынтык боло элек. Мисалы, Альфред Кребер менен Клайд Клакхон маданият аныктамаларын анализдөөгө арналган атайын изилдөөлөрүндө 1871-1919-жж. аралыгында 8, кийинки 30 жылда 157 аныктама берилгенин белгилешкен (бул эки окумуштуу маданиятка алгачкы аныктаманы Э.Тейлор берген деп эсептешет). Азыркы кездеги аныктамаларда адамдардын максаттуу ишмердүүлүгүнүн объективдүүлүгүнө көнүл бурулуп, маданиятты чыныгы чыгармачылык аракеттер аркылуу чагылдырууга басым жасалат. Ошол себептен маданиятты адамдын өзгөчө ишмердүүлүк жөндөмдүүлүгү жана ушул жөндөмдүүлүгүнүн тарыхый калыптанган формаларынын көп түрдүүлүгү, жаратылышка болгон мамилеси жана өзүн-өзү өнүктүрүүсүнүн чеги катары түшүнүүгө да болот. Философиялык энциклопедиялык сөздүктө «Маданият -материалдык жана руханий эмгектеги, социалдык нормалардын системасындагы, руханий баалуулуктардагы, адамдын жаратылышка, өзүнө, бири-бирине кылган мамилелеринин жыйындысындагы ишмердүүлүктөрдү уюштуруунун жана өнүктүрүүнүн өзгөчө ыкмасы» деген аныктама берилет.

Жалпылап айтканда, маданият – дайыма эволюция жолу менен өрчүп-өнүгүп, түрүн өзгөртүп турган социалдык организм. Маданият – адамзат аркылуу түзүлгөн экинчи аалам! Ошентип, адамзат тарыхынын алгачкы барактарынан бүгүнкү күнгө чейин маданият ааламы жашап келет.

Жыл агымын кылымга алмаштырган мезгил агымы адамзатты ноосферага алып келди. Планетабыздын кийинки эволюциясы акыл-эс, аъ-сезим менен башкарылып турары белгилүү болду. Бүгүнкү күндөгү реалдуу ачылыштар дүйнөнүн келечегинин адамдын интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнөн болгон көз карандылыгын айгинелеп турат. Зор мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон ИТП заманында да дүйнө эли жалпы адмзаттын тарыхына

кайрылууга муктаж. Мындай талап өзүнүн өлкөсү, улуту жөнүндө гана эмес, кеңири масштабда ой-жүгүртүүгө мажбурлайт. Бул аракеттердин аркасы менен маданиятты терең таанууга жетише алабыз. Маданият тарыхына кайрылуунун кандай зарылчылыгы бар? Себеби маданият – коомдук кайра түзүлүү тенденцияларында жана себептеринде курал катары кызмат кылган, натыйжалууу жана максаттуу үлүш кошууга көмөктөш болгон адамзаттын эсперантосу. Ал адамзаттык миссияны жогорулатып, жакшылык иштерди кылууга үндөп, руханий кубатты арттырат. Ошондуктан бул макалада дүйнөлүк маданияттын калыптануу тарыхына кайрыла кетүү ашыкча болбос.

Окумуштуулардын пикири боюнча, алгачкы адамдар (Homo gabilis – жөндөмдүү адам) 2,5 млн. жыл мурда пайда болгон. Алардын теги катары адам сымал маймылдар эмес, алар менен жарыш жашаган бутагынан келип чыккан. Бул адамдар адам сымал маймылдардан тике туруп басуусу, салыштырмалуу өнүккөн баш мээси, калыптанган кол манжалары менен айырмаланган. Ушул убакта материалдык (эмгек шаймандары, куралдарды жасоо) жана руханий (жамаат тарабынан жөнгө салынган эрежелер жана нормалар) маданияттын алгачкы элементтери калыптанган. Акыл-эстүү адамдын (Homo sapiens) пайда болушу менен алгачкы жамааттык коомдун чыныгы маданияты (мындан 40-35 млн. жыл мурда) жаралган. Бул мезгилде тездик менен курал жасоо өнүккөн, ошондой эле көп түрдүүлүгү менен да айырмаланган. Коомдук мамилелердин татаалданышы руханий маданиятты байыткан. Татаал, узак мезгилди кучагына камтыган, көп этаптуу процесстердин натыйжасында маданияттуу адам келип чыккан жана ага төмөнкү факторлор себеп болгон:

1) жогорку ыъгайлуулукту талап кылган чөйрөнүн катаал шарттары;
2) тике туруп басууга өтүү;
3) эмгек куралдарын пайдалануу;
4) коммуникациянын өнүгүүсүнө түрткү болгон биргелешкен ишмердүүлүк;
5) белгилердин, символдордун, белгилүү үндөрдүн пайда болушу жана ой-жүгүртүүнүн өнүгүшү.

Алгачкы жамааттык коомдун руханий маданияты сүрөт аркылуу берилген жазуу-пиктографиянын өнүгүүсү менен да байыган. Чоңду кичинеден, көптү аздан айырмалоонун негизинде саноонун алгачкы элементтери келип чыккан. Ааламдын түзүлүшүн чагылдырган жылдыздын, асман телолорунун аскага түшүрүлгөн сүрөттөрү алгачкы жамаатык коомдогу адамдын астрономиялык билимдеринен кабар берет. Мындай астрономиялык байкоолорду жүргүзүүгө күндөлүк турмуштагы муктаждыктар, асман телолорунун таасирине жана кубулуштарына ишенүү сыяктуу көрүнүштөр себеп болгон. Барган сайын адамдын аң-сезими өсүп, жашоо образы өзгөрүлүп, коомдогу мамилелер татаалданып, алгачкы жамааттык түзүлүш кул ээлөөчүлүк коом менен алмашкан.

Кылымдар тогошуп, доор өзгөргөн сайын маданият казынасынын бутактары тарамдап, жаңы багыттары пайда болгон. Байыркы Чыгыштын жана Грециянын маданияты өнүгүүнүн улуу чокусуна жеткен жана алардын айрым элементтери бүгүнкү күнү да дүйнөнүн кээ бир мамлекеттеринин саясий ишмердүүлүктөрүндө байкалат.

Байыркы Египеттин маданиятынын доминантасы катары анын түбөлүктүүлүккө умтулуу идеясы эсептелет. Бул идея египет динине, үрп-адаттарына, каза болгон адамды түбөлүктүүлүккө алып барууга көмөк көрсөткөн мумификацияга, ошондой эле архитектурага, сүрөт искусствосуна жана адабиятка чейин тамыр жайган. Байыркы Египеттин маданиятынын өзгөчөлүктөрү төмөнкү шарттарга байланыштуу:

- мамлекеттүүлүктүн жана коомдук теңсиздиктин негизинде келип чыккан мамилелердин эрте пайда болушу;
- искусство менен диний культтардын байланышы.

Байыркы Египеттин бай маданияты жөнүндө ар бирибизде маалыматтар бар чыгар. Тарыхтын барактарынан фараон, пирамида деген сөздөрдү кезиктирип жүрөбүз. Б.з.ч. III миң жылдыкта IV династиянын фараондору тарабынан курулган Хуфу Хафра жана Менкаура пирамидалары дүйнөнүн жети кереметине кирген. Алардын ичинен эң бийиги

Хуфу пирамидасы – бийиктиги 146,6 м, негизинин узундугу 233 м. Ал жалпы салмагы 7 млн. тоннаны түзгөн 2300 миң таш калыптарынан түзүлгөн.

Мумификация салтынын натыйжасында Египет дарыгерлери адамдын организминин түзүлүшүн изилдеп, натыйжада, анатомия илими өнүккөн, ошондой эле дарылоого зарыл болгон көп илимий аракеттер жүргүзүлгөн.

Жазуусу жана адабияты өнүгүп, жомоктор, мифтер, поэтикалык чыгармалар жаралган. Айрым Египет каармандарынын аттары же образдары дүйнө элинин чыгармачылыгынан да орун ала баштаган. Жазуусу иероглиф түрүндө болгон жана алардын саны 700гө барабар.

Байыркы Египеттеги архитектура жана скульптура «таштагы Библия» болгон. Адабият, музыка, живопись, адеп жана укук, философия үчүн жалпы бир гана багыт катары дин эсептелген. Б.а., орто кылымдагы маданияттын тармактарынын Кудайдын кудуреттүү күчүн даңазалоого чакырган бир гана идеясы болгон.

Байыркы Грециянын гүлдөп өнүккөн маданияты дүйнө элдеринин руханий жана материалдык байлыктарынын пайдубалын түзөт.

Антикалык маданияттын негизи катары гуманизм эсептелген. Адамды урматтоого багытталган мындай идеяларды адамдын дене бөлүктөрүн элестетип жасалган архитектура элементтеринен, диний ишенимдеринен, коомдогу, жамааттардагы баалуулуктардын системасынан көрө алабыз.

Антикалык цивилизация деп Байыркы Греция жана Римдин, ошондой эле маданий, экономикалык, саясий ишмердүүлүктөрүндө алардын таасирине туш болгон өлкөлөрдүн тарыхын айтабыз. Анын узактыгы б.з.ч. I миң жылдыктан тартып б.з. V кылымына чейин. Антикалык маданияттын өзөгүн адабият жанрлары, философиялык системалар, архитектуранын жана скульптуранын принциптери, математиканын, астрономиянын, табигый илимдердин негиздери түзгөн, ошондой эле Европа цивилизациясынын пайдубалына айланган.

Өз мезгилинде өнүгүүнүн туу чокусун багындырган Байыркы Грециянын маданиятынын өзгөчөлүктөрү бар. Алар төмөндөгүлөр:

- Эгей цивилизациясынын миъ жылдык таасири;
- б.з.ч. I миң башында темирди колдонуу, уникалдуу мамлекеттик түзүлүш-полистердин пайда болушу. Ошентип, Греция гректердин жер ээси, бийлик ишине катышуучу жана аскер болушун камсыз кылган демократиялык өлкөгө айланган;
- инсан менен коомдун ортосундагы гармония;
- коомдук жашоону демократиялаштыруу. Полис жарандарынын мамлекет ишине катышуу мүмкүнчүлүгү элдик чогулуш аркылуу ишке ашкан;
- маданият багыты жарандык сапаттарды, эрдиктерди, руханий жана физикалык сулуулукту баалоону көздөгөн;
- грек дининин демократиялуулугу;

Грек маданиятынын демократиялык жана гуманисттик багыттары эки миң жылдыктан бери алдыңкы орунду ээлеп келе жаткан европа цивилизациясынын руханий байлыктарын түзгөн.

Грек маданияты адам - жаран түшүнүгүн киргизип, анын баалуулугун, эркиндигин баркталгандыгы менен бай. Грек эли алгачкылардан болуп демократия менен гуманизмдин идеяларын беришкен.

Орто кылымдар – дүйнөдө феодалдык түзүлүш өкүм сүрүп турган V-XV кылымдар аралыгындагы узак доор. Буд мезгилде натуралдык чарба жөнөкөй болгон, өндүргүч күчтөр жана техника начар өнүккөн. Тынымсыз согуштар менен эпидемиялар маданияттын өнүгүүсүн басаңдаткан. Орто кылымдардагы социо-маданий кырдаалга олуттуу таасирин тийгизген факторлор катары төмөндөгүлөр эсептелинет:

- мамлекеттер ортосундагы тынымсыз согуштар;
- христианчылыктын таралышы жана бекемделиши;
- араб баскынчыларына каршы күрөшүү.

Рим империясынын толук кулашы менен цивилизациянын эң жогорку

жетишкендиктери убактылуу унутта калган. Ошондуктан көпчүлүк маданият тарыхчылары Орто кылымдарды маданий регресс доору деп аташкан.

Теологиялык көз караш адамдын материалдык жана руханий ишмердүүлүгүнүн жалпы мазмунун түзгөн. Искусстводо кармандардын эрки түшүнүгү жокко чыгарылып, дүйнөнүн жаратылышын Кудай менен байланыштырып түшүндүрүшкөн. Орто кылымдардагы теологиялык көз караштар доордун алмашуусу менен өзгөрүлгөн.

Кайра жаралуу доору маданият тарыхындагы жаңы этап болуп саналат. Индивид өз алдынчалыкка ээ болуп, жаңы аъ-сезим менен позициялары калыптанат. Кудайга толугу менен таандыкмын деп эсептеген орто кылымдагы адамдан айырмаланып, жаңы мезгилдин индивиди өзүнүн кылган иш-аракетинин ийгилигин өздүк талантына байланыштырууга жетишкен.

Кайра жаралуу же Ренессанс доорунун аталышы унутта калган антикалык мурастарды кайра кеңири өздөштүрүү аракеттерине байланыштуу. Байыркы грек акындарынын, философторунун чыгармалары которулуп, гармониялуу өнүгүү идеясы чон мааниге ээ болгон.

Ренессанс кыймылынын негизин феодализмден капитализмге өтүү этабы түзөт. Орто кылымдардын теоцентрдик көз караштары Кайра жаралуунун антропоцентризми менен алмашат жана негизги приципи болуп гуманизм эсептелет. Гуманизм (лат. Humanus) адамдын инсан катары эркин өнүгүүгө жана өз жөндөмдүүлүктөрүн арттырууга болгон аракеттерин, баалуулуктарын сыйлоо болуп саналат.

Ошентип, Ренессанстын ачык асманын жаңы доордун мунарыгы каптаган. Буга түрткү болгон себептердин аркасында экономикалык, саясий-социалдык факторлор бар. Э.Фромм бул кырдаалды «Адам өмүр бою борборунда өзү турган тар чөйрөдө жашай албайт: дүйнөнүн чексиздигин, татаалдыгын түшүнүү жашоонун маңызы эмнеде экенин билүүгө мажбурлайт», - деген ойду айтуу менен түшүндүргөн.

Ренессанс принцибин түзгөн инсан, адам жана анын баалуулуктары деген түшүнүктөрдүн күчүнө теңдеш болгон коом, жарандуулук, жалпылык аттуу түшүнүктөр жаралды. Натыйжада, мамлекеттүүлүктүн концепциялары, патриотизм идеялары жаралып, коомдун жыргалчылыгын өз кызыкчылыгынан жогору койгон адамды калыптандыруу чакырыктары арбыган (классицизм).

Феодализмден капитализмге өтүү учурунун жаңы экономикалык шарттарында Агартуу доору башталып, мануфактура татаал технологиялар менен алмашылат. Илимдин мааниси артып, механика, математика, физика, биология, география аттуу тажрыйбалык дисциплиналар кенен өздөштүрүлөт. Динге болгон мамиле өзгөрүлүп, Кудайды танган атеизм калыптанат.

XVIII к. ойчулдары илим, искусство болуп көрбөгөндөй бийиктикти багындырган прогрессивдүү мезгилди «Агартуу доору» деп аташкан. Агартуу – акыл эстин чексиз мүмкүнчүлүгүнө ишенүү.

XIX к. тарыхы Улуу француялык буржуазиялык революция, Англиядагы өндүрүштүк төңкөрүш, Түндүк Американын колонияларынын көз карандысыздык үчүн согушу, 1914-жылдагы Биринчи дүйнөлүк согуш сыяктуу урунттуу учурларга бай. Капитализм жетелеп, социалдык процесстер пролетарийлер классынын өсүүсү менен мүнөздөлгөн. Өндүрүштүк революция илим менен техниканын өнүгүшүн шарттаган ачылыштар көп болгон. Телеграф, телефон, радио пайда болгон жана машиналар өндүрүшү да келип чыккан. Бул процесстер материалдык өндүрүштүн дегуманизациясы менен коштолгон. Ошентип, жашоонун маңызы эмгекте деген утилитардык мораль өнүккөн.

Кийинки жылдары Агартуу доорунда үстөмдүк кылган классицизм романтизм менен алмашкан. Романтизм – XIX к. биринчи жарымында музыка жана сүрөт өнөрү өскөн мезгил. Мында чыгармалардын негизги темасын социалдык өзгөрүүлөр түзгөн.

XIX-XX кк. Европа маданияты өнүккөн. Азыркы Европа маданиятынын өзгөчөлүгү катары Ренессанстын элитардык гуманизминен айырмаланган универсалдуу, демократиялык, жалпыга тиешелүү болгон жана ар бир адамдын жашоого, эркиндикке,

жыргалчылыкта өмүр сүрүүсүн даңазалаган гуманисттик багытында. Маданияттын гуманисттик багыты экономикада, искусстводо, нравалуулукта, б.а., бардык областтарда орун алган. Бул тенденция саясий маданиятта адам укуктарынын жалпы декларациясын кабыл алууда чагылдырылган. Азыркы Европа маданиятынын негизги белгиси болуп илимий билимдерди эң жогорку маданий баалуулук катары эсептеген сциентизм эсептелет. Бүгүнкү күндө адамзаттын алдындагы оор маселелер илимдин жетишкендиктерин пайдалануу менен гана чечилип жатканын эч ким танбайт.

В.И.Вернадский, А.Л.Чижевский, Тейяр де Шарден аттуу окумуштуулар гуманисттик оптимизм маданияттын жана жаратылыштын өнүгүү закондоруна негизделгендигин белгилешет. Вернадскийдин пикири боюнча, ноосферанын пайда болушу менен илимдин, ИТПнын өнүгүүсү, глобалдашуу себеп болгон. Маданияттын глобалдашуусу менен экологиялык кризистер, энергиянын табигый булактарынын азайышы, технологиялык детерминизмдер, алдыъкы Европа өлкөлөрүнүн тегиз өнүкпөөсү сыяктуу проблемаларды жараткан.

Окумуштуулар глобалдашуунун оң жактарын белгилешет:

- глобалдашуу шаттарында дүйнө жүзү бирдиктүүлүктө жашайт жана маданият аралык байланыштардын негизинде маданий плюрализм келип чыгат;
- маалымат агымдарын кеңейтет да, этникалык же улуттук маданиятты дүйнө эли таанышы мүмкүн;
- 2001-ж. Нобель сыйлыгынын лауреаты Дж. Стиглиц глобалдашуунун натыйжасында дүйнө элинин көпчүлүгүнүн жашоо мөөнөтү узаргандыгын белгилейт;
- глобалдашуу билимге жана маданиятка ээ болуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтет.

Глобалдашуу маселесинин таасирине бүгүнкү кыргыз улуттук маданияты да туш болууда. Улуттук маданият – элибиздин интеллектуалдык, жалпы адамзаттык баалуулуктары жана нравалык традициялары. Улуттар аралык мамилелердин гармониялык өнүгүүсү маданият аркылуу ишке ашат. Маданият жана дүйнө – эки бирдиктүү нерсе. Маданияттын өнүгүшү жаратылышта жана социалдык чөйрөдө адамдын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүнүн, потенциалынын жогорулашы менен жүрөт. Анын натыйжасында элдердин традициялары, искусствосу өнүгөт. Аларды сактап калуучу жалгыз күч болуп тынчтык эсептелет. Тынчтык жөнүндөгү кыялдар дайыма адамды коштоп келген. «Тынчтык» деген сөздү улуттардын ортосунда куралдуу кагылышуунун жоктугу деп тар мааниде түшүнүүгө болбойт. Ал – шериктештик жана кызматташтык басымдуулук кылган, элдердин пайдасы үчүн материалдык жана руханий баалуулуктар менен алмашып турган дүйнөлүк адамзат коому. Окумуштуулар акыркы жылдардагы согуштар үчүн 7 триллион доллар сарпталгандыгын эсептеп чыгышкан. Бул каражаттын ондон бир бөлүгү менен жер бетиндеги ачарчылыкты жана эпидемияларды жок кылууга болот деп айтышкан.

Дүйнөлүк маданият дүйнө тагдыры үчүн тарыхый жоопкерчиликти өзүнө алган жана бул гумандуу таасирге планетанын прогрессивдүү күчтөрүн тартууга активдүү катышууда.

**Адабияттар:**

1. Арнольдов Л.И. Введение в культурологию. –Москва: Народная Академия культуры и общечеловеческих ценностей, 1993.
2. Костина А.В.: Культурология. –Москва: Кнорус, 2006 .
3. Попов С.А.: Введение в культурологию. –Москва: Владос, 1995.